Албетте, башталышында баары абдан кыйын, коркунучтуу жана түшүнүксүз көрүнгөн. Айланамдагы жакындарым эле эмес, атүгүл өзүм дагы ичимден чочулап: "Ушунча татаал илимди окуй аламбы? Күнү-түнү китеп караганга күчүм жетеби? Колумдан келеби, бул кесиптин өтөөсүнө чыга аламбы?" деп өзүмө суроо берип, кооптонгон күндөрүм болду. Бирок убакыттын өтүшү менен мен бир нерсени түшүндүм: ар кандай кыйынчылыктар, оор сыноолор адам баласы ал чөйрөгө көнүп, өз нугун тапканга чейин гана болот экен. Эң башкысы — артка кайтпоо жана өзүңө ишенүү.

## Алгачкы кадам

Медицина босогосун аттаган алгачкы күндөрдөн тартып эле мага бул илим өзгөчө кызыгуу жаратты. Убакыт өткөн сайын илимий жана кесиптик багытым такталып, акушердик жана гинекология тармагына көңүлүм бурулду. Жаңы өмүрдүн жаралышы, эне менен баланын ден соолугу — бул табияттын эң улуу керемети. Дал ушул себептен, репродуктивдик саламаттык, перинаталдык медицина сыяктуу маанилүү илимий темаларды терең өздөштүрүүгө бүтүндөй дитимди койдум.

Медицинада гана эмес, жашоодогу ар бир кесипте теория менен практика бирдей кадам таштаса, адам үчүн андан өткөн чоң тажрыйба, андан өткөн билим таануу жок деп ойлойм. Биринчи курста ар бир нерседен чочулап, кадам шилтөөдөн корккон студент кыздан бүгүн чайпалса да, бирок төгүлбөй баарына жетишкен, кесиптин көздөгөн максатын түшүнгөн келечектеги адис калыптанды. Кезинде "колумдан келбейт окшойт" деп кооптонгон кесибимдин артынан бүгүн далай ийгиликтерди багындырып жаткан учурум.

## Активдүү жашоо

Менин студенттик жылдарым бир гана лекция залында китеп окуу менен чектелген жок. Алгачкы курстардан баштап эле коомдук иштерге, илимий конференцияларга, долбоорлорго жана эл аралык олимпиадаларга үзгүлтүксүз катышып келем. Активдүүлүгүмдүн жана талыкпас эмгегимдин акыбети катары бир катар чоң жетишкендиктерге ээ болдум.

Алсак, 2024-жылы университеттин Окумуштуулар кеңешинин стипендиясына татыктуу болсом, үстүбүздөгү жылы заманыбыздын залкар агартуучусу, профессор Каныбек Исаков атындагы өзгөчө стипендиянын ээси болдум. Мындан сырткары, университеттин ай сайын берилүүчү стипендиясын да алып келем. Ошондой эле, Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы, ОшМУнун ректорунун, медициналык факультеттин деканынын жана башка көптөгөн профессорлордун колунан алган Ардак грамоталарым менен ыраазычылык каттарым — менин туура жолдо бараткандымдын далили.

Окуу менен катар коомдук жана маданий иштерге катышып, лидерлик сапаттарымды өнүктүрө алдым. Биринчи курстан тартып медициналык факультеттин Акыйкатчы аппаратынын курамында үч жыл бою кызмат өтөп, анын ичинде бир жыл бою ушул түзүмдүн төрайымы болуп иш алып бардым. Бул мага адамдар менен иштешүүнү жана жоопкерчиликти сезүүнү үйрөттү.

## Чек арасыз билим

Менин студенттик жашоомдун эң жаркын барактары — бул эл аралык деңгээлдеги тажрыйба алмашуулар жана олимпиадалар. Өзбекстандын байыркы Самарканд шаарында өткөн эл аралык гистология олимпиадасында ОшМУнун намысын коргодум. Мындан сырткары, Бишкек шаарында эки жолу, ошондой эле коңшу Андижан шаарында топографиялык анатомия боюнча өткөн ири эл аралык олимпиадаларда билимимди сынап, тажрыйба топтодум.

Университетибиздин студенттер үчүн түзгөн мүмкүнчүлүктөрүнүн арты менен академиялык мобилдүүлүк программасына катышууга жетиштим. Бул программанын алкагында: 2024-жылы Ташкент медициналык академиясында, 2025-жылы И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз



мамлекеттик медициналык академиясында (КГМА) билим жана тажрыйба алмашуудан өттүм.

2026-жылы: Казакстандын борборундагы Астана медициналык университетинде акушердик жана гинекология багыты боюнча атайын циклден өтүп, өзүмдүн практикалык көндүмдөрүмдү жана клиникалык билимимди эл аралык деңгээлде кеңейтип кайттым.

ОшМУ чындыгында эле медицина тармагында өсүп-өнүгүүнү каалаган ар бир жаш үчүн дүйнөлүк деңгээлдеги жаңы эшиктерди ачып, чоң келишимдерди түзүп берүүдө. Бул үчүн алтын уя окуу жайыма чексиз ыраазымын.

## Ыйык максат

Менин эң чоң максатым — коркунучтарды артка таштап, убакытты туура пайдалануу менен дүйнөлүк стандарттагы сапаттуу билим алуу жана ал алган билимимди өзүмдүн кыргыз элинин саламаттыгы, жаркын келечеги үчүн жумшоо. Мен келечекте жаңы өмүрдүн аман-эсен жарык дүйнөгө келишине себепкер болуп, ар бир кыргыз энесинин, кыргыз жаранынын жылмайганын көргөн мээримдүү дарыгер болууну кыялданам.

Макаламдын соңунда улуттун келечегине багытталган улуу накыл сөздү эске салгым келет:

“Кыздын ден соолугу — кылымдын ден соолугу,
Уулдун ден соолугу — улуттун ден соолугу!”

Келиңиздер, дени сак жана бактылуу коомду бирге куралы!

**Айганыш Нурлан кызы**

# БИЗ КЫЯЛДАНУУНУ ЭМЕС, АРАКЕТ КЫЛУУНУ ТАНДАДЫК

Кээ бир адамдар жашоодо мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушун күтүп, убакыт өткөрүшөт. Айрымдары ошол мүмкүнчүлүктөрдү издеп табууга аракет кылышат. Ал эми үчүнчү бир категориядагы инсандар бар – алар эч кимди күтпөстөн, мүмкүнчүлүктөрдү өз колдору менен жаратышат. Кезектеги каарманыбыз Нурбаева Сезим да дал ушул акыркы мүнөздөгү, максатына бекем байланган жаштардын катарын толуктайт. Сезим «Кыргызстандын мыкты студенти – 2025» жана «КМШнын мыкты студенти» наамдарын алууга жетишкен. Ал өзү жөнүндө төмөнкүдөй баяндайт.



## Кыялдардын башаты

Мен, Нурбаева Сезим, Ош шаарындагы кадимки эле карапайым, эмгекчил үй-бүлөдө туулуп-өскөм. Бирок менин балалыгымдан берки ички дүйнөмдү өзгөчөлөп, дайыма алдыга сүйрөп турган бир чоң күч бар эле – ал билимге болгон чексиз сүйүү жана айлана-чөйрөнү таанууу куштарлыгы болчу. Мектеп босогосун жаңы аттаган күндөн тартып эле бир маанилүү чындыкты эрте түшүндүм: ийгилик же бактылуу келечек деген нерсе жөн эле кургак кыялдардын же кокустуктун жыйынтыгы эмес. Ал – күнүмдүк талыкпаган эмгектин, маңдай тердин жана максатка болгон берилгендиктин жемиши.

Ошол себептүү мектепте окуп жүргөндө эле жөнөкөй окуучу болуу менен чектелген жокмун. Күнү-түнү изденип, ар кандай предметтик олимпиадаларга катыштым, чыгармачылык сынактарда бактымды сынадым. Мектептин коомдук иш-чараларынан калбай, уюштуруу иштерине аралаштым. Жашоомдо ар бир жеңиш жаңы дем берсе, ар бир жаңылыштык чоң сабак жана унутулгус тажрыйба болду. Мен ката кетирүүдөн эмес, ошол катадан жыйынтык чыгарбай калуудан коркчумун.

Мектепти аяктаган соң, алдымда жашоомдун эң маанилүү тандоосу турду. Өз келечегиме чоң инвестиция жасоону чечтим жана билим берүүнүн заманбап стандарттары менен айырмаланган Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык билим берүү программалары колледжине тапшырдым. Бул менин жашоомдогу жаңы, ошол эле учурда сыноолорго толгон этаптын башталышы эле.




Бул жол мен ойлогондон да алда канча татаал болду. Жаңы чөйрө, жогорку университеттик талаптар, мурда көрбөгөн тереңдетилген программалар жана жаңы жоопкерчиликтер мени күтүп алды. Айрыкча, сабактардын дээрлик баары англис тилинде өтүлгөндүгү мага чоң тоскоолдук сыяктуу сезилди. Тилдик барьерден улам кээде сабактарды толук түшүнбөй калган, чарчаган, атүгүл өз күчүмө ишенбей, баарынан кол шилтеп салгым келген алсыз мүнөттөр да болду. Жашырганда эмне, «чындап эле ушул жолду тандап туура кылдымбы?» деп ичимен сыздаган күндөрүм өткөн.

Бирок мен багынган жокмун. Багынуу менин мүнөзүмө такыр жат болчу. Мен өзүмдү, өзүмдүн күнүмдүк адаттарымды өзгөртүүнү чечтим. Эң биринчи кезекте убактымды туура пайдаланууну, тактыкты үйрөндүм. Түнкүсүн баары уктап жатканда мен китеп карап, англис тилиндеги тексттерди которуп, көбүрөөк окууга баш отум менен кирдим. Мугалимдерден түшүнбөгөн суроолорумду кайра-кайра суроодон такыр уялбадым. Себеби мен бир нерсени абдан так андап билдим: кыйынчылык – бул сени кулатуучу тоскоолдук эмес, бул сени инсан катары өстүрүүчү, курчутуучу улуу мүмкүнчүлүк экен.

## Эмгектин жемиши

Күн сайын жасалган кичинекей, бирок үзгүлтүксүз, туруктуу аракеттер убакыт өтүп өзүнүн татыктуу баасын берди. Менин колледждеги билимге болгон берилүүм тез эле окуудагы эң алдыңкы көрсөткүчтөргө, артыкчылык дипломго жана атайын стипендияларга жол ачты. Муну менен гана чектелбестен, жасаган эмгегим республикалык жана эл аралык деңгээлде бааланып, мен «Кыргызстандын мыкты студенти – 2025» жана КМШ (СНГ) өлкөлөрүнүн ичинен «КМШнын мыкты студенти» деген наамдарга татыктуу болдум.

Бул жетишкендиктер асмандан түшкөн жок же жөн эле ийгиликтин кокусунан жылмайганы эмес. Бул – менин ар бир уйкусуз түнүмдүн, ар бир төгүлгөн маңдай теримдин, китепканаларда өткөн саattарымдын жана эч качан сынбаган, багынбаган өжөр мүнөзүмдүн реалдуу жыйынтыгы деп эсептейм.

Бирок мен бул ийгиликтерге мас болуп, ушул жерден токтоп калууну такыр каалабайм. Бул мен үчүн болгону чоң жолдун башталышы гана. Бүгүн дагы изденүүнүн үстүндөмүн, күн сайын жаңы нерселерди үйрөнүп, өзүмдү өнүктүрүүнү улантып жатам. Ар кандай эл аралык тренингдерге катышып, коомдук иштерде активдүү ыктыярчы (волонтер) катары айланадагы адамдарга, коомума пайда алып келүүгө аракет кылуудамын. Анткени мен үчүн билим – бул текчеде сыймыктануу үчүн гана тура турган кызыл диплом же кургак наам эмес. Бул – адамдын аң-сезимин жана бүтүндөй жашоону жакшы жакка өзгөртө турган эң улуу курал.

## Замандашка кайрылуу

Сенин бул жашоодо алгачкы кадамыңды кайсы жерден, кандай шартта баштаганың такыр маанилүү эмес. Эң башкысы – сенин алдыңа койгон максатың жана ошол максатка карай кандай баратканың гана маанилүү.

Эгерде сенде айкын максат болсо – сен бардык туңгуюктан жол табасың. Эгерде токтоосуз аракет кылсаң – сен сөзсүз чокуга жетесиң. Эгерде өзүңө жана билимдин күчүнө ишенсең – бул дүйнөдө мүмкүн эмес деп эсептелген нерселердин баары мүмкүн болот.

Мен өз ишенимим жана эмгегим менен муну далилдей алдым. Эми кезек – сенде, кымбаттуу замандашым! Анткени билим – бул тек гана убактылуу мүмкүнчүлүк эмес. Бул – сенин келечектеги жаркын жолуңду ача турган, өз колуңда турган эң башкы ачкыч!

**Жазайым Жумабек кызы**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# МАКСАТ ЖАНА ТАРТИП

Аракетчил, максатты так коё билген жана тил үйрөнүүгө кызыккан жаштарыбыз дүйнөнүн төрт бурчунда ийгилик жаратып келишет. Алардын бири – Ош мамлекеттик университетинин Филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунун «Котормо жана котормо таануу» адистигинин бүтүрүүчүсү Кадыров Искендер. Ал азыркы тапта Германиянын Бавария өрөөнүндө «Ausbildung» (кесиптик билим алуу) программасы боюнча билим алып, эмгектенүүдө. Төмөндө каармандыбыздын басып өткөн жолу жана студенттерге сунуштары менен бөлүшөбүз.





## Кызыгуудан башталган сапар

Мектепте окуп жүргөн кезимден эле англис тилине абдан кызыкчумун. Студенттик жылдары негизги сабактарыбыз англис тилинде өтүп, кошумча тил катары немис тилин тандап алдым. Окууну аяктаган соң өз кесибим менен эл аралык уюмдарда иштеп, Улуу Британиядан, Америкадан келген элчилердин жолугушууларына катышып, аларга котормочулук кылдым.

Бирок убакыт өткөн сайын адамдын максаттары жаңыланат экен. Мен өзүмдү бир гана англис тили чөйрөсүндө эмес, таптакыр башка, жаңы багытта да сынап көргүм келди. Билим алуунун эч качан эрте-кечи жок экенине ишенип, издене баштадым.

## 5 айлык сыноо

Ошол мезгилде жаштарды Германияга «Ausbildung» (акысыз кесиптик билим берүү) программасы аркылуу жөнөткөн «Youth of Osh» уюму тууралуу угуп калдым. Бул мен үчүн чоң мүмкүнчүлүк эле. Бирок негизги шарт – тилди мыкты өздөштүрүү жана иш берүүчү менен маектешүүдөн ийгиликтүү өтүү болчу.

2024-жылдын декабрь айынан тартып курстарга барып, өжөрлүк менен немис тилин өз алдымча да окуй баштадым. Катуу тартип (дисциплина), сабырдуулук жана талбаган аракеттин аркасында 5 айдын ичинде тил деңгээлимди B2 даражасына чейин жеткирдим. Натыйжада, май айында немис иш берүүчүлөрү менен болгон маектешүүдөн ийгиликтүү өтүп, июнда виза алып, сентябрда Германияга жол тарттым.

## Инженерия

Учурда инженерия жана курулуш багытында кесиптик билим алып жатам. Бул тармакта математиканы абдан мыкты билүү талап кылынат. Биз теориялык билимди курулуш аянтчаларында практика менен айкалыштырып, топурактын түрлөрүнөн тарта ири долбоорлорду ишке ашырууга чейин үйрөнөбүз.

Бул кесипти тандаганымдын эки негизги себеби бар: биринчиси – окуу мөөнөтүнүн кыскалыгы (2 жыл), экинчиси – Германияда бул тармакка суроо-талаптын өтө жогорулугу жана адистердин тартыштыгы. Окууну аяктап, сынактарды ийгиликтүү тапшырсаң, ушул жакта калып иштөөгө толук мүмкүнчүлүк бар. Айлык маянасы да абдан жакшы. Албетте, окуу оңой эмес, бирок таалыкпай билим алууну улантып жатам. Бош убактымда Германиянын кооз жерлерин кыдырып, фотокамерама тартууну жактырам.

Кымбаттуу студенттер! Колдо бар ар бир мүмкүнчүлүктү убагында пайдаланып, аны колдон чыгарбоого аракет кылыңыздар. Изденүүдөн, билим алуудан эч качан токтобогула. Башка өлкөлөргө барып, тажрыйба алмашып келүүгө умтулуңуздар. Германия учурда мыкты адистерге муктаж. Тилди канчалык жакшы билсеңиздер, чет өлкөлүктөрдүн сизге болгон сыйы жана көз карашы ошончолук бийик болот!



Сарбиназ Эркинбаева

# СПОРТ — МЕНИН ЖАШООМДУН ӨЗӨГҮ

Адам баласы өз ийгилигинин ачкычын кайсы бир кесиптен, өнөрдөн же илимден тапса, мен өзүмдү спорттун сыйкырдуу дүйнөсүнөн таптым. Спорт мага бир гана ден соолук эмес, туруктуулукту, максатка умтулууну жана жашоонун чыныгы даамын үйрөттү. Ошондуктан «спорт — бул бир гана уул балдардын кесиби» деген эски түшүнүктөн алыс болуп, өз максатыма карай ишенимдүү кадам таштап келем.

## Балалык кыял жана алгачкы медалдар

Мен, Карибекова Мадина Даниярбековна, 2009-жылы Ноокат районунда туулгам. Учурда Ош мамлекеттик университетинин Педагогика, искусство жана журналистика институтунда журналистика багыты боюнча 1-курста билим алуудамын. Болочок журналист катары коомдогу ар бир кубулушка сергек карап, ошол эле учурда сүйүктүү хоббимди кесиптик деңгээлге көтөрүүнү максат кылдым.

Спортко болгон алгачкы сүйүүм мектеп партасында отурганда эле ойгонгон. Ал кезде аймактар аралык ар кандай спорттук мелдештерге катышып, чуркоо боюнча мектептин намысын коргоп, алдыңкы жыйынтыктарды көрсөтүп жүрдүм. Күндөрдүн биринде дене тарбия мугалимим менин чуркоого болгон жөндөмүмдү, аракетимди байкап калыптыр. Мени колдоо иретинде аймактагы эң мыкты жана тажрыйбалуу машыктыруучу Жунус Алимбекович агайга сунуштады.

Жунус агайдын колунда машыгуу мен үчүн чыныгы спорттук мектеп болду. Ал жерден темирдей тартипти үйрөндүм: аптасына алты күн таң эртеден кечке чейин машыгып, бир гана күн эс алчубуз. Ал кезде мамлекет тарабынан да спортко, өзгөчө чуркоого кызыккан жаштарга жакшы шарттар, чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жаткан убак эле. Мен катышкан мелдештердин көбүндө 1-2-орундарды багындырып, жеңиштин даамын таттым. Үйдөгү бөлмөмдө медалдар, дипломдор менен грамоталар тизилип, көбөйө баштаганда ичимден сыймыктануу сезими пайда болчу. Ал сыйлыктар мен үчүн жөн гана кагаз эмес, алардын бетинде атамдын аты-жөнү жазылып турганы үчүн



өзгөчө баалуу эле. Атамдын ишеничин актоо, анын ысымын бийик чокулардан жаңыртуу мага дем берип, ушул жолдо талыкпай эмгектенүүгө бел байлатты.

## Ички изденүү

Ар бир спортчунун жашоосунда сыноо келген учурлар болот экен. Мектепти аяктап, Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) даярдана баштаганда, убакыттын тардыгынан улам спорттон бир аз алыстап кетүүгө туура келди. Күн сайын чуркап, машыкпасам да, спортко болгон кусалыгымды басуу үчүн бош убактымымда волейбол, баскетбол оюндары менен алектенип жүрдүм. Ошентип, убакыттын өтүшү такыр чуркабай калдым.

Ал учурда ички дүйнөмдө карама-каршылыктар курчуп: «Эмне үчүн баарын таштап койдум? Балким, жеңил атлетика менин чыныгы кызыгуум эместир?» деген сыяктуу күмөн саноолор да курчап алды. Бирок бул убактылуу гана тыныгуу экен. Босогону аттап, ОшМУнун студенти аталгандан кийин, ичимдеги спортко болгон учкун кайрадан тутанды. Мен кайрадан чоң спортко, өзүмдүн чыныгы стихима кайтып келүүнү чечтим.

Өзүмдү колго алып, туура тамактанууну жолго коюп, уйку режимин сактап, таң эрте чуркоону адатка айланттым. Максатымды ишке ашыруу үчүн Ош шаарындагы эң алдыңкы жана тажрыйбалуу машыктыруучулар Казыбеков Алмаз агай жана Жамшитбекова Алымкан эжейлер тууралуу угуп, алар менен жолуктум. Көзүмдөгү спортко болгон кумарды, отту көрүштүбү, айтор, мени биринчи күндөн эле абдан жылуу кабыл алышты. Ошентип, өткөн жылдын ноябрь айынан баштап жеңил атлетиканын сырларын кайрадан терендетип үйрөнө баштадым.

## Жеңиштердин кубанычы

Менин спортко кайрадан кайтып келгениме ата-энем баарынан көбүрөөк кубанышты. Алардын мага берген моралдык колдоосу — менин эң чоң канатым. Азыркы учурда биздин график абдан тыгыз: бир жумада 6 күн бою машыгуу залында жана стадиондо өтөт, дээрлик бош убактыбыз жок. Ай сайын кеминде 1-2 ири спорттук сынакка катышып турабыз. Жаш, күчкө толуп турган куракта бул кадимки жана болушу керек болгон көрүнүш деп эсептейм.

Эмгектин акыбети көп күттүргөн жок. Үстүбүздөгү жылдын апрель айында жогорку окуу жайлар арасында республикалык ири «Универсиада — 2026» мелдеши болуп өттү. Анда биздин сыймыктуу Ош мамлекеттик университетибиз жалпы командалык эсепте 2-орунду багындырды. Бул бүтүндөй окуу жайыбыз жана биз үчүн чоң сыймык,




тарыхый жетишкендик болду.

Бул мелдештен көп өтпөй, Ош шаарында Кыргызстандын бардык облустарынан эң күчтүү спортчулар чогулган чоң чемпионат уюштурулду. Мен бул масштабдуу мелдеште 100 жана 200 метрлик аралыкка чуркоо боюнча күчүмдү сынап, эки аралыкта тең байгелүү 2-орунду ээледим. Уюштуруучулар тарабынан баалуу белектер жана акчалай сыйлыктар менен сыйландык.

Жеңил атлетикага кайтып келгениме болгону 5 ай гана болсо да, бул кыска убакыт ичинде өзүм үчүн чоң ийгиликтерди жарата алдым. Машыктыруучумдун мага карап: "Мадина, сенден келечекте абдан күчтүү, өлкө намысын коргогон чоң спортчу чыгат", — деп айткан сөздөрү мага өзгөчө мотивация жана күч берет.

Эң башкысы — мен бул спорттук чөйрөдөн ишеничтүү үзөңгүлөштөрдү, сонун адамдарды таптым. Азыр биз бир команда эмес, бир туугандай болуп калдык. Бири-бирибизге дем берип, ар дайым сүйөп турабыз. Биздин чөйрөдө «жалгыз гана менин ийгилигим» деген түшүнүк жок. Биз баарын чогуу баштайбыз жана жеңишке да чогуу жетебиз!

## Жаштарга чакырык

Мен жеңил атлетикадан сырткары волейбол, теннис жана баскетбол оюндарын да сүйүп ойноймн. Бул оюндар мага кошумча энергия берет. Учурда биз май айында өтө турган Кыргызстандын жазгы чемпионатына кызуу даярданып жаткан учурубуз. Күн сайын машыгып, алдыдагы мелдеште ОшМУнун жана Ош шаарынын намысын бийик коргоп, алтын медаль менен кайтсам деген аруу тилегим бар.

Спорт — бул сенин мүнөзүңдү тарбиялаган, жашооңдун ар бир күнүн тартипке салып, бир бүтүндүктү түзгөн улуу күч. Кымбаттуу студент досторум, замандаштарым! Сиздерди дагы убакытты текке кетирбей, спорт менен дос болууга чакырам. Эсиңиздерде болсун, жаркын келечек жана дени сак улут — дал бизден, биздин бүгүнкү кадамыбыздан башталат!

**Айганыш Нурлан кызы**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ

Автор: Мауриц Корнелис Эшер

Аталышы: «Салыштырмалуулук»

Тартылган жылы: 1953-жыл

Техникасы: Литография (таш басма)

Өлчөмү: 33.2 x 29.5 см

Учурда сакталган жери: Эшердин Гаагадагы музейи

Адам баласы көргөнүнө ишенет. Көзүбүз менен көргөн, колубуз менен кармаган нерсени гана чындык деп кабыл алуу — биздин табигый инстинктибиз. Бирок ар дайым эле көргөнүбүз айлана-чөйрөнү так чагылдырабы? Же биздин аң-сезимибиз кээде өзүбүзгө каршы иштеген жашыруун «оптикалык иллюзияларды» жаратабы? Дал ушул суроолорго жооп издеп, адамзаттын логикасын ондогон жылдардан бери сынап келе жаткан өзгөчө бир шедевр бар. Ал — нидерландиялык гениалдуу графиктик сүрөтчү Мауриц Корнелис Эшердин 1953-жылы жарык көргөн «Салыштырмалуулук» аттуу атактуу литографиясы.

Мисалы, ортодогу тепкичти карайлы. Анда эки адам бир багытты көздөй, катар басып баратат. Бирок таң калыштуусу — алардын бирөөсү тепкич менен өйдө көтөрүлүп баратса, экинчиси тепкичтин тескери тарабы менен (биздин түшүнүктө шыбы менен) төмөн түшүп баратат. Бирөө үчүн «жогору» болгон нерсе, экинчиси үчүн «төмөн» болуп саналат. Бирөө үчүн «пол» болуп эсептелген тегиздик, экинчиси үчүн кадимки «дубал» же «шып». Сүрөтчү адамдын мээси маалыматты дайыма эле толук жана так кабылдай бербестигин, аны жаңылыш чечмелеп, реалдуулукту өзү каалагандай бурмалап коёрун ушундай укмуштуудай визуалдык табышмак менен далилдеген.

## Искусство менен илимдин айкалышы

Кызыктуусу, Мауриц Эшер өмүрүндө так илимдер же математика боюнча атайын жогорку билим алган эмес. Мектепте окуп жүргөндө да так илимдерден кыйналып, атүгүл экзамендерден кулап калган учурлары болгон. Бирок ал өзүнүн ички туюму, визуалдык гениалдуулугу менен искусство жана математиканын бир тууган экенин баарынан эрте сезген. Эшер өзүн ушул эки башка дүйнөнүн — кургак формулалар менен эркин фантазиянын ортосундагы көпүрө катары көргөн. Анын чыгармаларын кийинчерээк дүйнөнүн эң атактуу математиктери, физиктери жана кристаллографтары өздөрүнүн илимий ачылыштарына курал жана илхом булагы катары колдонушкан.



## Тепкичтер лабиринти

«Салыштырмалуулук» литографиясына алгач көз жүгүрткөндө, биз кадимки эле архитектуралык курулушту: тепкичтерди, эшиктерди, терезелерди жана ары-бери басып жүргөн адамдарды көрөбүз. Бирок бир аз кунт коюп, тереңирээк карай баштаганда, башыбыз айланып, мээбиздин кадимки логикасы «бузула» баштайт.

Сүрөттө тартылган дүйнөдө тартылуу күчү (гравитация) бир эле убакта үч башка багытта иштейт! Бул жерде үч башка дүйнө бир мейкиндикке бириктирилген. Сүрөттөгү 16 адам сырттан караганда бир жерде жүргөндөй көрүнгөнү менен, алар иш жүзүндө бири-бирин сезишпейт, анткени алардын ар бири өзүнүн тартылуу күчүнүн мыйзамы менен жашайт.

## Ар кимдин өз чындыгы бар

Эшер бул эмгеги аркылуу жөн гана оптикалык трюк көрсөтүүнү максат кылган эмес. Бул сүрөттүн артында өтө терең философиялык жана социалдык маани жатат. Багытсыз басып жүргөн, жүздөрү жок окшош каармандар — бул биз, коомдогу адамдар.

Ар бир адам өзүнүн жеке дүйнөсүндө, өзүнүн тартылуу күчүндө жана өз чындыгында жашайт. Бул — салыштырмалуулук мыйзамы. Коомдо да ушундай: бир эле окуяны, бир эле маселени адамдар ар башкача кабыл алышат. Сиз үчүн айдан ачык, «аппак жана туура» көрүнгөн нерсе, сиздин маектешиңиз үчүн таптакыр башка укутук же моралдык багыттагы «туура эмес» нерсе болушу мүмкүн. Бул айырмачылык адамдын басып өткөн жолуна, алган тарбиясына, дүйнө таанымына жана кабылдоосуна байланыштуу. Ошондуктан күнүмдүк жашоодо да, илимде да «меники гана абсолюттук чындык» деп айтуу — эң чоң жаңылыштык.

Мауриц Эшердин «Салыштырмалуулук» чыгармасы бизди курчап турган дүйнөнүн канчалык көп кырдуу экенин эскертип турат. Ал ар бир окурманды, ар бир инсанды мезгил-мезгили менен өзүнө суроо берүүгө мажбурлайт: «Мен көрүп жаткан нерсе чындап эле абсолюттук чындыкпы же бул жөн гана менин жеке кабылдоомдун иллюзиясыбы?»

Бул сүрөттүн тарыхы жана маңызы бизди башкалардын да көз карашын сыйлоого, дүйнөгө бир гана бурчтан эмес, 360 градустук кеңдикте кароого үйрөтөт. Анткени кээде биз «төмөн» деп ойлогон нерсе, башка бирөө үчүн эбак эле «жогору» болушу мүмкүн.

**Нуриза Таштанова**

# ТЕОРИЯ, ПРАКТИКА, ХАРАКТЕР: ФОРМУЛА СИЛЬНОГО ВРАЧА

Мухаммадали Гуламидинов – студент 2-го курса медицинского факультета ОшГУ по направлению «Лечебное дело». Это человек, который сумел превратить неуверенность первокурсника в международные победы, признание и лидерство. За его успехами стоят сотни часов упорной практики, железная дисциплина и искреннее желание помогать людям. Путь Мухаммадали – яркое доказательство того, что возраст и курс в зачётке не определяют уровень профессионализма, если у человека есть чёткая цель, характер и готовность работать на пределе возможностей.




***– Мухаммадали, расскажите немного о себе. Каким вы были в начале первого курса и как изменились за это время?***

– Меня зовут Мухаммадали Гуламидинов. На сегодняшний день я являюсь лучшим студентом ЕАЭС и тюркских народов, обладателем международного звания The Best Student 2025 (IASCA) в Европе и капитаном команды «Invictus».

Разница между мной прежним и мной нынешним – колоссальная. В начале первого курса я был обычным растерянным первокурсником: постоянно сомневался в себе, боялся ошибиться, ведь у меня не было ни прочной теоретической базы, ни практического опыта.

Переломным моментом стало знакомство с моими наставниками. Именно они помогли мне найти правильный вектор – научили не просто зазубривать материал, а выработать осознанность и дисциплину. Я понял: если ты искренне прислушиваешься к опыту старших, ты неизбежно будешь расти. Ну а окончательное понимание, что медицина – это моё призвание, пришло во время практики в больнице. Когда ты оказываешь реальную помощь живому человеку и видишь результат – это ни с чем не сравнится. С тех пор я перестал просто «учить теорию» и начал стремиться к глубокому пониманию механизмов болезни.



***– Вы начали активно заниматься наукой уже с первого курса и даже сами проводили мастер-классы. Когда пришло ощущение, что вы готовы учить других?***

– Это был осознанный стратегический выбор. У меня есть большая цель – в будущем стать академиком, создать собственные научно-исследовательские центры и клиники, которые будут служить науке десятилетиями. Я рано понял: чтобы достичь такого, нужно делать то, на что решаются немногие. Большинство студентов приходят в науку на старших курсах, я же решил начать с первого, чтобы получить преимущество во времени и качестве.

Право обучать других пришло через колоссальный труд – я буквально днями и ночами пропадал в хирургическом кружке. Когда руководство увидело мои результаты, мне предложили провести мастер-класс для студентов. Честно говоря, в первый раз я очень волновался. Но как только начал объяснять суть операции, показывать инструменты и швы – поймал настоящий кураж. Это был невероятный «вайб». Когда видишь, как у ребят загораются глаза, понимаешь: всё, что ты делал до этого, было не зря. Передавать знания – это круто, но это и огромная ответственность.

***– Хирургический кружок «Vit'oss» сыграл важную роль в вашем становлении. Какие качества, полученные там, вы считаете самыми важными для врача?***

– «Vit'oss» стал моим фундаментом. Когда я только пришёл туда, я увидел ребят, которые побеждали на престижных международных олимпиадах. Это был уровень, к которому хотелось тянуться. Огромную роль сыграла наш капитан – Жайнагуль Орунбаева. Она разглядела во мне потенциал ещё тогда, когда я сам в себя не верил, поддерживала и прививала дисциплину. Я бесконечно благодарен ей и всем своим преподавателям. Атмосфера кружка стала моим стилем жизни.

Главное, что я вынес из кружка – это даже не техника операций, а три ключевых качества:

1. Абсолютное спокойствие: На олимпиаде или у операционного стола ты должен быть непоколебим, как скала. Эта уверенность рождается из сотен часов практики.

2. Умение видеть суть: У нас нельзя просто «показать фокус» с инструментами – ты обязан досконально объяснить теорию, целесообразность и последствия каждого действия.

3. Ответственность: Там я чётко осознал, что за каждым твоим движением стоит либо успех, либо ошибка. В медицине мелочей не бывает.

***– Что для вас значило получение звания «Master of Surgical Technique»? И что, на ваш взгляд, отличает сильных студентов на международной арене?***

– Это был мой первый серьёзный выезд на международный уровень и огромный личный скачок. Перед выступлением мой научный руководитель Таалай Токурович Сейитбеков подошёл ко мне и сказал очень просто: «Ты их порвёшь». Эти слова буквально собрали меня воедино, я вышел и выложился на максимум. Получив эту номинацию, я доказал самому себе, что страхи можно победить, а возраст и курс

(Продолжение на следующей странице)



не имеют значения, если за тобой стоит реальная база.

На международной арене сильных студентов видно сразу — они спокойны и не суетятся. Их отличают железная стрессоустойчивость и клиническое мышление, способность действовать нестандартно, а не по шаблону. Это не приходит само по себе — это результат долгого, тихого и упорного труда.

***— Вы соревновались на международных олимпиадах (включая олимпиаду им. академика М.И. Перельмана) со студентами старших курсов. Насколько сложно это было психологически?***

— Это был мощный вызов. Представьте: ты первокурсник или второкурсник, а рядом соперники с 5–6 курсов с огромным академическим багажом. Конечно, поначалу было волнительно. Но я быстро взял себя в руки и сказал себе: «Я попал сюда не за красивые глаза. Я пахал, меня отобрали, значит, я готов». Да, они старше, но я начал раньше и готовился жёстче.

Каждая такая поездка, каждая победа на конференциях доказывали мне, что курс в зачётке не даёт автоматического преимущества. Если ты горишь своим делом и тренируешься до седьмого пота, ты можешь достойно противостоять любому сопернику. Огромное спасибо моим наставникам — их поддержка в нужный момент всегда трансформировала мой страх в абсолютную уверенность.

***— Что мотивирует вас двигаться вперёд в моменты выгорания? Как вам удаётся совмещать учёбу и личную жизнь?***

— Нагрузка в медицине бешеная, и моменты, когда хочется всё бросить, бывают у каждого. Но в такие минуты я говорю себе: «Если я сдамся, легче всё равно не станет». Проблемы не исчезнут, а мечта просто отдалится. Единственный вариант — стиснуть зубы и идти дальше. Я знаю, что наступит день, когда будущий «я» оглянется назад и скажет огромное спасибо мне сегодняшнему за то, что я не сломался.

Медицина и наука занимают почти всё





моё время — это мой осознанный выбор. Но чтобы не перегореть, я переключаюсь: тренируюсь в зале, катаюсь на велосипеде, играю в шахматы, читаю художественную литературу. Также внутреннее спокойствие мне дают религия и общение с близкими друзьями.

***— Известно, что вы занимаетесь тхэквондо. Как спорт повлиял на ваш характер? И для чего вы ведёте инстаграм-блог?***

— Тхэквондо дало мне внутренний стержень: умение биться до победного конца и не ломаться под давлением. Это качество напрямую переносится в хирургию, где необходимы железная выдержка и идеальная точность.

Что касается блога — это не просто желание «делиться мыслями». Я отлично помню, как сам когда-то мучился, пытаясь разобраться в сложных хирургических техниках. Сейчас я создаю контент, который помогает другим студентам понять суть хирургии проще и быстрее. Кроме того, это работа на перспективу: я развиваю медийность, чтобы со временем основать собственную хирургическую школу. Это часть большого, продуманного плана.

***— Какую главную цель вы ставите***



***перед собой на ближайшие годы? И если описать вас одной фразой — какой бы она была?***

— Успешно окончить медицинский факультет и уйти в эндоваскулярную хирургию, параллельно развивая научные исследования и наше IT-приложение для медиков. Итоговая цель — стать высококвалифицированным учёным и заложить прочный фундамент для своей хирургической школы. Каждое моё действие сегодня — это кирпич в это здание.

А если описать себя одной фразой, то всё просто — Simplylovely (Просто очаровательно).



**Алина Абдикеримова**

# Сабак бүттү. Эми өзүңдү өнүктүр!



Сессия бүткөндө көпчүлүк студенттер "Эми эс алам!" деп жеңил дем алышат. Бирок эс алуу деген эмне? Уктап жатуубу, социалдык тармактарды карап жата берүүбү? Бул суроолорго баарыбыз ар кандай жооп беребиз. Бирок бир нерсе талашсыз: жайкы эс алуу – бул мээ үчүн эң пайдалуу, эң керектүү мезгил. Бул чыгарылышта жай мезгилин кантип пайдалуу өткөрүү жөнүндө айтып беребиз.

## Жай – ички дүйнөңдөн энергия алуу мезгили

Күн, таза аба, сейил бактар, көл – мунун баары физикалык ден соолукка оң таасирин берет. Бирок акыл-эс үчүн эң маанилүүсү – ички тынчтык. Жайкы күндөр өзүн таануу, ойлорду иргөө, эмоционалдык тынчтык табуу үчүн эң ыңгайлуу учур.

**Сиз эмне кыла аласыз?**

- Ар күнү 20 мүнөт медитация же жандын тынчтыгын алып келген жүрөккө жакын иш менен алектениңиз.
- Өзүңүздү суракка алыңыз: "Мен киммин? Эмне каалайм?"
- Жайында сыртка эмес, ички дүйнөңүзгө саякат кылыңыз.

## Мээ эс алса – идея жаралат

Эс алуу мээ үчүн өтө маанилүү. Стресс, шашкалактоо, тапшырмалар мээни "жабат". Ал эми эс алганда, тынчтыкта жүргөндө мээ жаңы идеяларды, жарата баштайт.

**Жайында мээге эмне жагат?**

- Кызыктуу китептер (өзгөчө адабият же биография)
- Табияттагы жалгыздык
- Күндөлүк жазуу
- Музыка угуу
- Көркөм өнөргө аралашуу (сүрөт тартуу, сүрөткө тартуу)

## Жай — жалгыздык үчүн эң жакшы мезгил

Кээ бир студенттер жалгыздыкты жаман көрөт. Бирок психологдор: "Акыл-эс жалгыздыктан күч алат" дешет.

**Жалгыз отуруп, ойлонуу:**

- Өзүнө болгон ишенимди арттырат
- Тыныгуу менен кыялдарды тактайт
- Ойлорду иргеп, эмоционалдык аң-сезимди тазалайт
- Адамды чыгармачыл кылат

## Ден соолук

Жайында көп уктоо, туура эмес тамактануу, аба жетпеген бөлмөдө отуруу мээни чарчатат. Андыктан жайкы энергияны колдон чыгарбай:

- Эртең менен эрте туруңуз
- Көп суу ичиңиз
- Жеңил тамак жеңиз
- Табиятта болуңуз
- Гаджетти аз колдонуңуз

Мээ дененин абалына жараша иштейт. Ден соолук жакшы болсо, ой күчтүү болот.

## Жай – мээни өнүктүрүүчү "мектеп"

Кыскача айтканда, жай эс алуу мезгили эмес, өнүгүү мүмкүнчүлүгү. Бул — өзүн таанып-билүүнүн, идея жаратуунун, жаңы көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн, чыгармачылык менен алектенүүнүн мезгили. Жайдын ар бир күнү — сизге берилген белек. Аны текке кетирбей, акыл менен пайдалануу – ийгиликтин башаты.

***Унутпаңыз: жайды туура пайдаланган студент – күздө башкалардан 2 эсе алдыда болот!***




"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айганыш Нурлан кызы

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу
Ж. Орозматова

**Редакциялык топ:**
Сарбиназ Эркинбаева
Алина Абдикеримова
Нуриза Таштанова
Гүлзар Максытали кызы
Айжан Досатова

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, Алымбек датка көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты,
219-каана.
Тел.: +996 707 647 902